№ 477-ФХД/21 16.02.2021

# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Ош шаары

## БУЙРУК

ОшМУнун Административдик кеңешинде (2021-жылдын 12-февралындагы №17 протокол) «2020-жылында ОшМУда ишке ашырылган санариптик долбоорлор боюнча маалымат» деген №1-маселе боюнча төмөндөгү кабыл алынган чечим бекитилсин:

1. Электрондук табель системасын мындан ары колдонууну тездетүү максатында декандар жана директорлор тарабынан структурадагы жоопту кызматкерлердин иштөөсү көзөмөлгө алынсын;
2. Иш кагаздарын айлантууну толугу менен электрондук түрүнө өтүү менен кагаз түрүндөгүсүн токтотууну көзөмөлдөө структура жетекчилерине жүктөлсүн;
3. "Түндүк" системасына кошулуу максатында кызматкерлер жана студенттер менен купуялуулукту сактоону макулдашуу жана өздүк маалыматты кайра иштетүү үчүн арыз макулдук алуу структура жетекчилерине жүктөлсүн;
4. Структуралык бөлүмдөрдү типтүү штатка дал келтирүү структура жетекчилери менен биргеликте улантылсын;
5. Кадрлар бөлүмү **AVN4** (кызматкерлердин жеке баракчасы) программасынын толук ишке киргүүсүн камсыз кылуу тиешелүү структура жетекчилерине жүктөлсүн;
6. 2021-жылдын 11-февралында КРдин ББИМ тарабынан кабыл алынган "Коом жана билим берүү" пилоттук долбоору ОшМУнун бардык структуралык бөлүмдөрү тарабынан аткарууга алынсын;
7. Бул чечимдерди ишке ашыруу факультеттердин декандарына, колледждердин директорлоруна, тиешелүү проректорлорго милдеттендирилсин жана жалпы көзөмөлгө алуу инвестициялар жана стратегиялык өнүктүрүү боюнча проректор Ж.Ж. Турсунбаевге жүктөлсүн.

***Негиз:*** *Окумуштуу катчынын билдирүүсү, ректордун визасы*

**ОшМУнун ректору,**
**профессор** **К.Г. Кожобеков**

# Лист согласования

## Админ. кеңештин чечими, №17, 12.02.2020, негизги 1-маселе

## № 477-ФХД/21 от 16-02-2021

**Описание: Админ. кеңештин чечими, №17, 12.02.2020, негизги 1-маселе**

**Инициатор: Асанбекова Джамиля Жекшеналиевна**

**Предмет согласования:**

**Приказ "Админ. кеңештин чечими, №17, 12.02.2020, негизги 1-маселе (№ 477-ФХД/21 от 16-02-2021)"**

| № | ФИО | Должность | Результат | Дата | Примечание |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кожобеков Кудайберди Гапаралиевич | Ректор (Ректорат) | Утвержден | 16-02-2021 | |
| 2 | Пусур Тегин Замир | Начальник отдела (Планово-финансовый отдел) | Ознакомлен | 17-02-2021 | |
| 3 | Турсунбаев Жанболот Жанышович | Инвестициялар жана стратегиялык өнүктүрүү боюнча проректор (Ректорат) | | | |

17 февраля 2021 г.

**Купуялык тууралуу макулдашуу**

"___"____________ 20___ ж.

Ош мамлекеттик университети (мындан ары - мекеме) ректор К.Г.Кожобеков аркылуу бир тараптан жана өзүнүн атынан катышуучу жаран

______________________________________________________________________________

*(аты-жөнү)*

экинчи тараптан Мекеме жөнүндө уставдын негизинде ушул келишимди төмөнкүлөр жөнүндө түзүштү:

Мен _______________________________________________________

*(аты-жөнү)*

өзүмдүн кызматтык ишмердүүлүгүмдүн жана кызматтык милдеттеримдин жүрүшүндө Мекеменин жайылтылышы чектелген маалыматтарына жеткиликтүү болорумду билип, өз эрким менен төмөнкү милдеттенмелерди өзүмө алам:

- кызматымдын жүрүшүндө мага ишеним берилген (белгилүү болуучу) жайылтылышы чектелүү маалыматтарды ачыкка чыгарбоо (таратпоо);
- жайылтылышы чектелген маалыматтарды жетекчиликтин тиешелүү санкциясысыз (уруксатысыз) үчүнчү жактарга бербөө жана ачык жарыялабоо;
- жайылтылышы чектелген маалыматтарды коргоо боюнча жоболордун, нускамалардын жана буйруктардын мага тиешелүү талаптарын аткаруу;
- башка тараптардын (чоочун адамдардын) менден жайылтылышы чектелген маалыматтарды алуу аракеттери болгон учурда бул фактылар тууралуу өзүмдүн бөлүмүмдөгү жетекчиликке токтоосуз (тезинен) кабарлоо;
- Мекеме келишимдик мамилелерде байланыш түзгөн башка мекемелердин жайылтылышы чектелген маалыматтарын сактоо;
- жайылтылышы чектелген маалыматтардагы билимдерди Мекеменин кызыкчылыктарына зыян келтириши мүмкүн болгон кандайдыр бир ишмердүүлүктөгү сабактар үчүн пайдаланбоо;
- кызматтан бошотулган учурумда өзүмдүн кызматтык милдеттеримди аткаруума байланыштуу менин колдонуумда болгон жайылтылышы чектелген маалыматтарды алып жүрүүчү бардык нерселерди бөлүм жетекчисинин көрсөтмөсү боюнча өткөрүп берүү;
- жайылтылышы чектелген маалыматтарды алып жүрүүчү нерселердин, купуя маалыматтардын санкциясыз жайылтылышына алып келиши мүмкүн болгон нерселердин, жоголушу же жетишпеген (толук болбой калган) учуру тууралуу өз бөлүмүнүн жетекчисине токтоосуз (тезинен) кабарлоо.

Ушул келишимде каралган өзүмдүн милдеттенмелеримди ак ниеттүүлүк менен аткарууга милдеттенем.

Өзүмө алган милдеттенмелерди аткарбаган учурда Кыргыз Республикасынын учурдагы мыйзамдарына жана Мекемедеги башка ченемдик документтерге ылайык жоопкерчиликке тартылышым мүмкүн экендиги мага алдын ала эскертилди.

____________________________________________________

(жарандын аты-жөнү)

жайылтылышы чектелген маалыматтарга уруксат алган учурда жетекчилик мындай маалыматтар менен иштөө үчүн зарыл шарттарды түзүп берүүгө милдеттенет.

__________________________________ "___" _________ 20__ ж.

(келишим түзгөн жактын колу)

**Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ‹‹Жеке мунөздөгү маалымат жөнүндө›› 5-беренесине ылайык форма**

Мен, (аты- жөнү) ___________________________________________________________________

Кыргыз Республикасынын ‹‹Жеке мунөздөгү маалымат жөнүндө›› Мыйзамына ылайык, өз эрким жана өз ыктыярым менен баарын түшүнүп жеке маалыматты иштетүүгө (жеке маалыматты кармоочунун (ээсинин) тапшырмасы менен, автоматтык жолу менен же ансыз иш аркет же бир нече аракеттер) макулдугумду берем.

**Жеке мунөздөгү маалыматтар:**

- Аты- жөнү
- Туулган жылы, күнү
- Туулган жери
- Жынысы
- Тастыктоочу документинин номуру, түрү, сериясы, берилген күнү, ким тараптан берилгени – жашы жете электер үчүн туулгандыгы тууралуу күбөлүк, жашы жеткендер үчүн паспорт.
- ПИН/ИНН
- Жарандык
- Улуту
- Жөлөк пул алуусу жөнүндө маалымат (бар болсо – себебин жазуу)
- Алган билими тууралуу маалымат (педагогикалык жана башка персонал үчүн)
- Кызматы (педагогикалык жана башка персонал үчүн)
- Илимий даражасы (даражасы, берилген датасы) окумуштуулук наам (аталышы, берилген датасы) (педагогикалык жана башка персонал үчүн)
- Сыйлыктары (сыйлык аталышы, алган күнү, берилген күнү, сыйлык ким тарабынан берилген) (педагогикалык жана башка персонал үчүн)
- Квалификациясын жогорулатууну кайсы жерде жана качан өткөндүгү тууралуу маалымат (педагогикалык жана башка персонал үчүн)
- Байланыш үчүн маалымат
- Үй жана уюлдук телефондору
- Жашаган дареги, жана тастыкталган документ боюнча дарек
- **Жалпы статистикалык маалыматтар:**
- МЧББУда группа
- Мектептеги классынын № жана тамгасы, сменасы
- ЖОЖдогу, орто-кесиптик окуу жайдагы, кесиптик лицейдеги группасынын аталышы жана номери

Бул форма менен тиешелүү жеке мүнөздөгү маалыматтар мамлекеттик үлгүдөгү документтерди басып чыгарууга жана берүү үчүн пайдаланыла тургандыгы жөнүндө кабардармын (мамлекеттик үлгүдөгү документтердин тиешелүү форматына ылайык), анын ичинде аттестаттар, дипломдор ж.б. Демек мен тараптан берилген маалыматтардын тууралыгы үчүн жооптуу экенимди мен түшүнөм.

**Жашы жеткен жарандын кол тамгасы__________________________________________________**

**Жашы жете элек жарандар үчүн – ата- энесинин, мыйзамдуу өкүлүнүн кол тамгасы**

**____________________________________________________**

**20__ж.‹‹__››______________**